# 2017 | Люди
# Адамдар

soros.kg





## Асылбек Шералиев

Жалал-Абадда «Жаркын келечек» өкмөттүк эмес уюму бар, мен ага мүчөмүн. Биз «Санарипти кош!» санариптик (цифровое) көрсөтүүсүнө өтүү жаатында маалымат кампаниясын өткөрдүк. Түздөн-түз анда 10 миңдей адамды, ал эми кыйыр түрдө телевизорду карагандардын баарын камтыдык. Мен плакатты, баракчаларды алып, базарларда, ал тургай, мал базарда да турдум, санарипке өтүү тууралуу адамдарга түшүндүрүп жаттым. Адистигим боюнча мен экономистмин. Жалал-Абаддагы Экономика жана ишкердик университетин аяктагамын. 2011-жылдан баштап жаштар саясаты багыты боюнча иштейм. Жаш жарандарды өнүктүрүү коомдук фондун жетектедим. Ошондой эле мэриянын Жаштар кеңешинин жана көптөгөн башка облустук кеңешүү комитеттеринин төрагасымын.

Мен ыктыярчылык (волонтерлук) менен алектенем, анткени айланада баары жакшы жагына өзгөрөт деп күтүп отура берүүгө болбойт деп эсептейм. Өзүбүз бир нерселерди жасашыбыз керек. Ар бир тургун мамлекетке жардам бериши зарыл. Эгерде бир адам эле өзүнө ишенбесе, бул миллиондогон адамдардын жеңилиши болуп саналат.

В Джалал-Абаде есть неправительственная организация «Жаркын келечек», в которой я состою. Мы проводили информационную кампанию в области по переходу на цифровое вещание «Включи цифру!». Охватили около 10 тысяч человек напрямую, а косвенно – всех, кто смотрит телевизор. Я брал плакат, листовки, вставал где-нибудь на базарах даже на скотском рынке и объяснял людям про переход. По специальности я экономист. Окончил Университет экономики и предпринимательства в Джалал-Абаде. С 2011 года работаю по направлению молодежной политики. Руководил Общественным фондом развития молодых граждан. Также являюсь председателем молодежного совета мэрии и многих других областных совещательных комитетов.

Я занимаюсь волонтерской деятельностью, потому что считаю, что нельзя сидеть и ждать, пока все вокруг изменится к лучшему. Нужно самому что-то делать для этого. Государству нужна помощь от каждого жителя. Если один человек не верит в себя, то это поражение миллионов.

## ҮЧТҮН АЙЫ / ЯНВАРЬ

| Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |
| Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт |



## Замира Оморова

Мен августта «Жарандык агартуу академиясына» катыштым. Менин максатым айылдагы жаштарды тартуу эле. Мен өзүм фермермин, Ат-Башыда жашайм. Айылда да жашаса болот. Башкача айтканда, айылда да байып кетүүгө болот. Ар ким бай болгусу келет, туурабы? Эгерде жакшылап эмгек кылсаң, анда татыктуу иштеп таба аласың.

Мен жакшы балдар менен таанышып, достошуп калдым. Алгач барсамбы, барбасамбы деп күмөн болдум. Бизде, айылда жашагандарда, шаардыктар тууралуу көнүмүш сенек ойлор бар – алар эмне, он беш сантиметрлик каблуктар менен жүрүшөт, орусча гана сүйлөшөт, мурдун асманга каратып, бой көтөрүшөт. Бирок, мен ойлогондой эмес, баары тескерисинче болду. Алар абдан жөнөкөй, досторчо ынак, жан дүйнөсү таза, ар ким өзүнүн чөйрөсүндө Кыргызстанды өнүктүрүүгө умтулушат экен. Мен алардын эң улуусу болуп калдым, алар мага урматтоо менен мамиле кылышты. Биздин өзүбүздүн вотсап-тобубуз бар, биз анда активдүү баарлашабыз. Биз бир туугандай болуп калдык.

Я участвовала в «Академии гражданского просвещения» в августе. Моей целью было привлечение молодежи в села. Сама я фермер, живу в Ат-Башы. В селе можно жить. Иначе говоря, в селе можно разбогатеть. Каждый хочет богатства, верно? Если будешь трудиться, то будешь достойно зарабатывать.

Я познакомилась и подружилась с хорошими ребятами. Поначалу у меня были сомнения, ехать или нет. У нас, у сельских, есть стереотипы о городских – мол, ходят на пятнадцатисантиметровых каблуках, говорят только по-русски, высокомерные. Однако все оказалось совсем не так, как я представляла. Они оказались очень дружелюбными, простыми, с чистой душой, стремятся развивать Кыргызстан, каждый в своей сфере. Я была там самой старшей, и все относились ко мне уважительно. У нас своя вотсап-группа, в которой мы очень активно общаемся. Мы стали как родные.

## БИРДИН АЙЫ / ФЕВРАЛЬ

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 1 | 2 | 3 |
| Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт |




## Салима Жолдошева

«Сорос - Кыргызстан» фондунун «Жерлерди инвентаризациялоо аркылуу Кызыл-Октябрь айыл аймагындагы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин башкаруунун ачык-айкындыгы жана натыйжалуулугу» долбоорунун алкагында бизде, Ош облусунда, тактап айтканда Өзгөн районунда, 2015-жылдын августунан баштап 2016-жылдын мартын кошо алганда окутуу семинарлары өттү. Долбоордун максаты – натыйжалуу пайдалануу үчүн Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн дыйканчылыкка иштетүүгө жарактуу жерлерин инвентаризациядан өткөрүү. Мурда жерлерди пайдаланууда ачык-айкындык жок эле, алар кандайча пайдаланылганы, кимге ижарага берилери түшүнүксүз эле. Фонд керектүү жабдуулар менен бизди камсыз кылды, карталар чийилди, буклеттер чыгарылды, биз 2020-жылга чейинки өнүктүрүү программасынын планын алдык. Натыйжада 1298 га жер инвентаризациядан өтүп, картага киргизилди. Эми бардык маалымат санариптик (цифралык) базага жайгаштырылды, алардын баарын картадан дароо табууга болот, бардык жерлер жана алардын чек аралары көрүнүп турат. Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча комиссиясынын курамына кирем, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрайымымын.

В рамках проекта «Прозрачность и эффективность управления землями ФПС Кызыл-Октябрьского айыльного аймака через инвентаризацию земель аймака» Фонда «Сорос-Кыргызстан» у нас в Ошской области, в частности, в Узгенском районе, с августа 2015 года по март 2016 года проводились обучающие семинары. Цель проекта – проведение инвентаризации пригодных для земледелия земель Кызыл-Октябрьского айыл окмоту для эффективного использования. Раньше в управлении землями не было открытости и прозрачности, непонятно было, как они используются, кому сдаются в аренду. Фонд обеспечил нас необходимым оборудованием, были нарисованы карты, выпущены буклеты, мы получили план программы развития до 2020 года. В результате 1298 га земли прошли инвентаризацию и нанесены на карту. Теперь вся информация размещена в цифровой базе, можно все сразу найти на карте, видны все земли и их границы. Я сама принимала активное участие в проекте, потому что вхожу в состав комиссии по земельным вопросам Кызыл-Октябрьского айыл окмоту, являюсь председателем постоянной комиссии по социальным проблемам.

## ЖАЛГАН КУРАН / МАРТ

| Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |
| Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт |



## Нурдин Абдразаков

Нурдин – Нарын шаарындагы бала. Ал сегиз жашта. Ал «оор жүрөк кемтиги» диагнозу менен төрөлгөн. Анын жүрөгү оң жагында, оң колу жакшы өнүккөн эмес.

Нурдиндин ата-энеси Зумрад менен Мирлан иштешпейт. Үй-бүлөдө төрт бала бар. Алар негизинен Нурдиндин жана анын атасынын майыптык боюнча жөлөкпулуна жашашат, кээде бир аз акча иштеп табышат. Нурдиндин апасы Зумрад мынтип айтып берди: «Анын 7ге толушун мен коркуу менен күтүп жүрдүм, анткени бизде мектептер майып балдарды каалап күткөн жери жок». Бир жолу Нурдинди Нарындагы №7 орто мектептеги Ресурстук борборго сабакка чакырышты, ал «Сорос - Кыргызстан» фондунун каржылоосу менен ачылган эле. Ресурстук борбордун мугалими Сайнагүл эже аны менен ар күнү иштеп, кыска убакытта мектепке барганга даярдай алды. Учурда бул бала №7 мектептин биринчи классында окуйт. «Мен математиканы жакшы көрөм, келечекте врач болгум келет», - дейт Нурдин.

Нурдин - мальчик из города Нарына. Ему восемь лет. Он родился с диагнозом «тяжелый порок сердца». Сердце у него находится с правой стороны, правая рука недоразвита.

Его родители Зумрад и Мирлан - безработные. В семье четверо детей. Живут в основном на пособия по инвалидности Нурдина и его отца, иногда бывают подработки. Мама Нурдина Зумрад рассказывает: «Я со страхом ждала того момента, когда ему исполнится 7 лет, потому что у нас не ждут в школах детей-инвалидов». Однажды Нурдина пригласили на занятия в Ресурсный центр в нарынской средней школе № 7, который был открыт при финансировании Фонда «Сорос-Кыргызстан». Учительница Ресурсного центра Сайнагуль-эже занималась с ним каждый день, и за короткий срок смогла его подготовить к поступлению в школу. Сегодня мальчик учится в первом классе школы № 7. «Я люблю математику, а в будущем хочу стать врачом», - говорит Нурдин.

## ЧЫН КУРАН / АПРЕЛЬ

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 1 |
| Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн |



## Марал Турдуматова

Мен «Эргэнэ» коомдук фондунда 2014-жылдын декабрынан бери иштейм. Биздин уюм акыркы бир канча жыл ичинде «Сорос - Кыргызстан» фонду менен паллиативдик жардам берүү кызматын көрсөтүү, ооруну басаңдатчуларды алуу мүмкүнчүлүгүн адвокациялоо (таасир этүү боюнча коомдук кампания), паллиативдик жардам берүү тууралуу калкка маалымдоону жакшыртуу иштерин өткөрүү, паллиативдик жардам берүү программаларын каржылоону адвокациялоо боюнча ж.б. демилгелердин алкагында тыгыз жана жемиштүү кызматташат.

Кыргызстанда азырынча ооруканадан сырткаркы паллиативдик жардам берген үч гана команда бар, биздики менен алардын экөө Бишкекте, үчүнчүсү - Ошто. Иштин жүрүшүндө биздин команда пациенттердин ооруну басаңдатчуларды, таблеткаланган морфинди чектелген алуу мүмкүнчүлүгү, пациенттин жана анын үй-бүлөсүнүн оор психикалык жана эмоционалдык басымга туш болуусу жаатында көптөгөн татаал маселелерге жана тоскоолдуктарга туш болууда. Мындан сырткары, биздин өлкөдө көпчүлүк адамдар өлүмгө алып келүүчү оорулар менен байланышкан маселелерди ачык талкуулаганга жана кабыл алганга азырынча даяр эмес, табу бар, анткени калк жалпысынан паллиативдик жардам берүү тууралуу жетиштүү маалымдалган эмес. Биз паллиативдик жардам берүү программалары жакынкы аралыкта мамлекет тарабынан колдоого алынат жана каржыланат, биз ал жардамды Кыргызстанда бардык жерде, туруктуу негизде көрсөтө алабыз деп үмүттөнөбүз.

Я работаю в общественном фонде «Эргэнэ» с декабря 2014 года. Наша организация в течение нескольких последних лет тесно и плодотворно сотрудничает с Фондом «Сорос-Кыргызстан» в рамках инициатив по оказанию услуг паллиативной помощи, адвокации доступа к обезболивающим, проведению работы по повышению осведомленности населения о паллиативной помощи, адвокации финансирования программ паллиативной помощи и др. В Кыргызстане действуют пока лишь три команды, предоставляющие внебольничную паллиативную помощь, две, включая нашу, в Бишкеке, третья в Оше. В ходе работы наша команда сталкивается со многими сложными вопросами и барьерами в части ограниченного доступа пациентов к обезболивающим, к таблетированному морфину, тяжелых психических и эмоциональных нагрузок на пациента и его семью. Кроме того, в нашей стране большинство людей пока еще не готовы открыто обсуждать и принимать вопросы, связанные с болезнями с летальным исходом, существует табу, так как население недостаточно информировано о паллиативной помощи в целом.

Мы надеемся, что программы паллиативной помощи в скором времени будут поддерживаться и финансироваться со стороны государства, и мы сможем ее оказывать повсеместно в КР и на постоянной основе.

## БУГУ / МАЙ

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |
| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср |



## Алтынбек Сыймык уулу

Мен мектепти быйыл аяктадым, 20 жаштамын. Мурда ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын билим алуусу кыйын эле. Азыр жеңил болуп калды, бирок баары бир абдан көп нерсени жакшыртуу зарыл. Апам гезиттен IT-академияга студенттерди алуу тууралуу кулактандырууну окуптур, ага тапшырууну чечтим. Мен университеттерге тапшыра алган жокмун, анткени ЖРТ (ОРТ) боюнча өтүү балым жетпей калды, бирок мен ага капа болгон жерим жок. Өзүм компьютерде иштегенге үйрөндүм, бир нерсеси бузулуп калса, аны түшүнгөнгө тааныштарыма, досторума жардам берем. Муну менен акча табууга эбак эле убакыт келди деп апам күлөт, бирок мен акча алгым келбейт. Мага программалоо абдан жагат. Сабактар октябрда башталып, күндө болууда. Баары болуп окуу он айга созулат. Окуу аяктагандан кийин диплому бар адис болуп калам. Биздин Кара-Жыгач айылыбыздан Бишкекке окууга мени улуу агам алып келип, сабак аяктаганда алып кетет.

Мен англис тилин бир топ жакшы билем, мектепте окуган кезде Борбордук Азиядагы Америка университетинен ыктыярчылар келишип, мени менен иштешчү. Ошондой эле шахматты да жакшы ойнойм, бирок азыр ойнобойм, программалоо менен алек болуп калдым. Келечек – маалымат технологияларында экендигине ишенем.

Я закончил школу в этом году. Мне 20. Раньше людям с ограниченными возможностями здоровья было тяжело получить образование. Сейчас стало легче, но все равно еще очень много надо улучшать. Моя мама прочитала в газете объявление о наборе студентов в IT-академию, и я решил туда поступить. Не удалось пройти на учебу в университетах, потому что не хватило проходных баллов по ОРТ, но я не жалею. Сам научился работать на компьютере, помогаю знакомым, друзьям разобраться, если у них что-то сломалось. Мама смеется, говорит, пора уже зарабатывать на этом, но я не хочу брать денег. Мне очень нравится программировать. Занятия начались в октябре, проходят каждый день. Всего обучение длится десять месяцев. После окончания стану дипломированным специалистом. Из нашего села Каражыгач меня на учебу в Бишкек привозит старший брат и забирает после.

Я неплохо знаю английский, ко мне, пока учился в школе, из Американского университета в Центральной Азии приезжали волонтеры, занимались. Также хорошо играю в шахматы, сейчас уже перестал, переключился на программирование. Я верю, что за информационными технологиями - будущее.

## КУЛЖА / ИЮНЬ

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |
| Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб |



## Виктория Шумовская

Менин эки балам бар. Улуусу – Саша, ал 11 жашта, психикалык оору менен жабыркайт. Ал абдан көп убактысын ооруканада дарылануу менен өткөрөт. Мен жолдошум менен ажырашып, ата-энемдин үйүнө баргам, үй абдан начар абалда эле. 2016-жылдын башында биздин Ленинское айылыбызда иштеген «Үй-бүлө жана коом» коомдук бирикмесине жардам сурап кайрылдым. «Сорос-Кыргызстан» фонду жана HABITAT ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн мыкты турак жай мүмкүнчүлүктөрүн түзүү тууралуу билдим. Үйдөгү абал алардын өзүн кандай сезүүсүнө таасир этет, ошондуктан ыңгайлуу шарт абдан маанилүү.

Бизге капиталдык ремонт жасап беришти, үйүбүздү жылуулашты, жаңы терезелерди коюшту жана сууну ысытуу үчүн бойлер сатып беришти. Биз канчалык ыраазы болгонубузду сөз менен жеткирүү мүмкүн эмес. Азыр үйүбүз жылуу, жайлуу, менин балдарым өздөрүн абдан ыңгайлуу сезип жатышат.

У меня двое детей. Старший, Саша, ему 11 лет, страдает психическим расстройством здоровья. Он очень много времени проводит на лечении в больнице. Я развелась с мужем и переехала в родительский дом, который находился в плачевном состоянии.

В начале 2016 года обратилась за помощью в общественное объединение «Семья и общество», которое действует у нас здесь, в селе Ленинское. Узнала о проекте Фонда «Сорос-Кыргызстан» и HABITAT о создании лучших жилищных возможностей для лиц с ограниченными возможностями здоровья. Домашняя обстановка отражается на их самочувствии, поэтому очень важны удобства.

Нам сделали капитальный ремонт, утеплили дом, вставили новые окна и еще купили бойлер для нагрева воды. Не передать словами, как мы благодарны. Дома теперь тепло, уютно, и мои дети чувствуют себя комфортно.

## ТЕКЕ / ИЮЛЬ

| Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |
| Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн |



## Адилет Алчикеев

Мен «Сорос - Кыргызстан» фонду менен 2012-жылдан баштап Youth Action Fund программасы боюнча иштей баштадым. Долбоор жазып, утуп, аны Тоң районунда Бөкөнбаев айылында ишке ашырдым. Анын маңызы биздин айылдагы үч мектепте ата-энелерге маалыматтарды мобилдүү жөнөтүүнү түзүүдө эле. Андан кийин ошол эле жылы алгачкы жолу катышуучу катары «Жаштар кэмпке» катыштым. 2014-жылы мектеп бүтүрүүчүлөрү үчүн кесиптер жармаңкесин уюштурдум. 2014 – 2015-жылдары Караколдогу «Жаштар кэмпке» спикер болдум, долбоорлорду ишке ашыруу тажрыйбам менен бөлүштүм. 2016-жылы Жаштар жумалыгынын алкагында Тоң району боюнча иш-чараларды өткөрдүм: дебаттар өттү, жаштар уюмдары менен меморандумдар түзүлдү, ошондой эле 12 наамда жыл сайын өтүүчү «Мыкты жылдар» сыйлыгы уюштурулду, мисалы, «Мыкты активист», «Мыкты ыктыярчы», «Мыкты мамкызматкер», «Мыкты бизнесмен» ж.б. Долбоорлорду ишке ашыруу инсан катары да, кесиптик өсүүдө да мен үчүн чоң тажрыйба болду. Турмуштук активдүү позицияга ээ болуу канчалык маанилүү экенин аңдап түшүндүм. Ошондой эле жаштардын жарандык процесстерге тартылуусу да маанилүү. Мен 23 жаштамын. Өзүм Бөкөнбаев айылында туулуп, өстүм, Кыргызстандын эл аралык университетине караштуу колледжде «Телекоммуникация» адистиги боюнча окудум, азыр окуумду Политехникалык институтта сырттан улантуудамын. Жакында жергиликтүү кеңештерге шайлоолор болду, мен биринчи жолу ага ат салышып, биринчи жолу Тоң районунда депутат болуп калдым.

Я начал работать с Фондом «Сорос-Кыргызстан» в 2012 году по программе Youth Action Fund. Написал проект, выиграл и реализовал его в Тонском районе, в селе Боконбаево. Его суть заключалась в создании мобильной рассылки родителям в трех школах нашего села. После, в этом же году, впервые в качестве участника принял участие в «Жаштар кэмп». В 2014 году организовал ярмарку профессий для выпускников школ. В 2014 – 2015 годах выступал на «Жаштар кэмпе» в Караколе уже в качестве спикера, поделился опытом реализации проектов. В 2016 году в рамках Недели молодежи провел мероприятия по Тонскому району – дебаты, подписание меморандумов молодежных организаций, а также ежегодную премию «Лучшие года» по 12 номинациям, например, «Лучший активист», «Лучший волонтер», «Лучший госслужащий», «Лучший бизнесмен» и т.д. Осуществление проектов дало мне большой опыт как в личностном, так и профессиональном развитии. Я осознал, насколько важно иметь активную жизненную позицию. Также важно, когда молодежь вовлекается в гражданские процессы. Мне 23 года. Я сам родился и вырос в Боконбаево, закончил обучение в колледже при Международном университете Кыргызстана по специальности «Телекоммуникации», сейчас продолжаю учебу заочно в Политехническом институте. Недавно были выборы  в местный кенеш, я баллотировался впервые и стал депутатом Тонского района.

## БАШ ООНА / АВГУСТ

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
| Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср |

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш |
| 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |
| Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт |



## Сейнеп Дыйканбаева

Мен 1985-жылы Бишкек шаарында жөнөкөй жарандардын үй-бүлөсүндө төрөлгөм. Мени жакшы көрүп чоңойтушту, кичинекей кезимен эле кадимки адамдардай кабыл алышчу, менде кандайдыр бир денелик жактан чектөө бар экендигин эч качан сезген эмесмин. Дайыма ушундай турмушта жашоону, ийгиликтерге жетишип, жакшы билим алуу тууралуу кыялданчумун. Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын билим алууга укугу бардыгы тууралуу мурда айтылбагандыктан, мен мектепке 10 жашта гана бардым. Буга биз узак жол басып, күрөшүп жүрүп жетиштик. Ошондо мен муну түшүндүм: тиешелүү тоскоолдуктар бар болгону жакшы экен, анткени бар көйгөйлөрдү кантип чечүү көрүнүп турат эмеспи. Эгерде мен өзүмдүн укугумду бала кезден баштап коргобосом, мен майыптыгы бар адамдардын укуктары жана кызыкчылыктары чөйрөсүндө иштебей калышым мүмкүн эле. Буга байланыштуу бул абдан зор тажрыйба болду, мен үчүн майыптык тоскоол болбостон, артыкчылык болуп калды деп эсептейм, анткени мен майыптыгы бар көптөгөн адамдарга жардам бере алам. Ошондой эле Борбордук Азиядагы Америка университетинде бакалавр даражасына ээ болдум. Менин адистигим – адамдын жана майыптыгы бар жактардын эл аралык укуктары.

«Сорос - Кыргызстан» фонду менен биз Майып балдардын ата-энелери ассоциациясы (МБАА) аркылуу инклюзивдик билим берүү багыты боюнча төрт жылдан бери иштешебиз. Жакында бул багытта окуу куралын чыгардык. Мен МБААнын программалар боюнча координаторумун жана юристимин.

Я родилась в 1985 году в городе Бишкеке в семье простых граждан. Выросла в любви, меня с детства воспринимали как обычного человека, я никогда не чувствовала, что у меня есть какие-то физические ограничения. Всегда мечтала состояться в этой жизни, достичь успеха, получить хорошее образование. Из-за того, что раньше не говорилось о том, что у людей с ограниченными возможностями здоровья есть право на образование, в школу я пошла только в 10 лет. Мы очень долго к этому шли, боролись. Тогда я поняла: когда есть определенные барьеры, это хорошо, ведь видно, как решать существующие проблемы. Если бы я сама не защищала свои права с самого детства, я бы, наверное, не стала работать в сфере прав и интересов людей с инвалидностью. В связи с этим думаю, что это грандиозный опыт, для меня инвалидность стала не помехой, а преимуществом, потому что я могу помочь многим людям с инвалидностью. Я также получила степень бакалавра в Американском университете Центральной Азии. Моя специализация – международное право человека и права лиц с инвалидностью.

С Фондом «Сорос-Кыргызстан» мы в Ассоциации родителей детей-инвалидов (АРДИ) работаем по направлению инклюзивного образования уже четыре года. Недавно выпустили пособие по этой теме. Я являюсь координатором по программам и юристом АРДИ.

## АЯК ООНА / СЕНТЯБРЬ

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 1 |
| Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |



## Мухаммад Умар Серекбаев

Мен «Биригүү кошууну» коомдук бирикмесинде иштейм. Биз «Сорос - Кыргызстан» фонду менен эчактан бери эле иштешебиз, кызматташуунун натыйжасында бизде Талас ички иштер башкармалыгынын алдында коомдук кабыл алуу иштеп жатат. Мен калктын аяр мамилеге муктаж катмарынын кызыкчылыктарын коргойм, аларга пенсионерлер, майыптар, жетимдер, эркиндигинен ажыратуу жайларынан кайтып келгендер, селсаяктар кирет. Мен өзүм Таласта төрөлүп-чоңоюп, ММУга (МГУ) тапшырып, эки курс окудум, андан кийин Мекениме кайтып келүүгө туура келди. 2000-жылдардын башында кайрадан да Кыргыз мамлекеттик юридикалык академияда окудум. Менин мыкты жубайым, үч балам бар, мен эки жолку чоң атамын. Үй-бүлөбүздө мени ар бир жолу өтө эле көңүлчөөксүң, баарына эле жардам бере бересиң деп жемелешет. Эгерде мен болбосом, анда бул адамдарга ким жардам берет? Ошондуктан мен башкача кыла албайм. Жөлөкпул төлөнүшү үчүн, муктаж болгондордун бирөөлөрүн жатак мектепке, башкаларын карылар үйлөрүнө кабыл алуу үчүн түрдүү инстанцияларга жүгүрөм, документтерди чогултам.

Мындай бир окуя болду – үй-бүлөнүн биригишине жардам бердим. Баласы Таласта селсаяктык кылып жүрдү, анын үй-бүлөсү мурда эле Россияга туруктуу жашоого кетип калган эле, аны өлүп калды деп жүрүшкөн. Үй-бүлөсү менен байланышуу маалыматтарын таап, паспортун кайра алып, билет сатып берип, поездге отургузуп койдум. Азыр апасы менен жашайт, апасы аны пирожкилер менен багып жатат.

Я работаю в общественном объединении «Союз единения». Мы работаем с Фондом «Сорос-Кыргызстан» уже давно, благодаря сотрудничеству у нас действует общественная приемная при УВД Таласа. Представляю интересы уязвимых слоев населения, к ним относятся пенсионеры, инвалиды, сироты, лица, вернувшиеся из мест лишения свободы, бомжи. Сам я родился и вырос в Таласе, поступил в МГУ, отучился два курса, потом пришлось вернуться на родину. В начале 2000-х заново отучился в Кыргызской государственной юридической академии. У меня замечательная супруга, трое детей, я уже дважды дедушка. В семье иной раз журят меня, мол, слишком ты мягкосердечный, всем помогаешь. А если не я, кто ж этим людям еще поможет? Поэтому и не могу иначе. Бегаю по инстанциям, хлопочу о документах, чтобы выплачивались пособия, чтобы нуждающихся приняли кого в интернат, кого в дом престарелых.

Был случай – помог семье воссоединиться. Сын «бомжевал» в Таласе, семья его давно уехала на ПМЖ в Россию, его считали погибшим. Удалось разыскать контакты, восстановил паспорт ему, купил билет, посадил на поезд. Живет с матерью теперь, она откармливает его пирожками.

## ТОГУЗДУН АЙЫ / ОКТЯБРЬ

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |
| Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт |



## Галина Малосиева

Дендрарий – бул ачык асман алдындагы өсүмдүктөрдүн музейи. Ушул жылы «Сорос - Кыргызстан» фондунун жардамы менен бизде дендрарийде Кыргызстан жана Борбордук Азия сектору тазаланды, бүтүндөй дендрарий боюнча өсүмдүктөрдүн аттары жана мүнөздөмөсү менен табличкалар орнотулду, секторлорду көрсөтүп турган багыттамалар илинди, бизде алардын саны – жети, отургучтар, урналар, бактын картасы орнотулду.

Биз календардык план боюнча иштейбиз. Башка аймактардагы өсүмдүктөрдү иликтеп үйрөнөбүз, биздин климатта алар кандай өсөт, эгерде акклиматизация ийгиликтүү болсо, аларды Кыргызстандын жашыл курулушуна сунуштайбыз. Аларды көбөйтүү боюнча тажрыйбаларды сөзсүз өткөрөбүз.

Мен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Гареев атындагы Ботаникалык багынын Жыгач жана бадал өсүмдүктөрү лабораториясында илимий кызматкермин. Илимий иштен сырткары чоң агартуучулук ишмердик кылабыз, биз балдар, студенттер жана башка кызыкдар тараптар үчүн экскурсияларды өткөрөбүз.

Дендрарий – это музей растений под открытым небом. В этом году благодаря помощи Фонда «Сорос-Кыргызстан» у нас в дендрарии произведена очистка сектора Кыргызстана и Центральной Азии, по всему дендрарию установили таблички с названием и описанием растений, повесили указатели на секторы, у нас их семь, установили скамейки, урны, карту сада.

Мы работаем по календарному плану. Изучаем растения из других регионов, как они ведут себя в нашем климате, если акклиматизация успешна, далее рекомендуем их в зеленое строительство Кыргызстана. Обязательно проводим опыты по размножению.

Я являюсь научным сотрудником лаборатории древесных и кустарниковых растений Ботанического сада имени Гареева Национальной академии наук Кыргызской Республики. Кроме научной работы, у нас ведется большая просветительская деятельность, мы проводим экскурсии для детей, студентов и других интересующихся.

## ЖЕТИНИН АЙЫ / НОЯБРЬ

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 1 |
| Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт |



## Рыскелди Барпыбеков

Кыргыз улуттук агрардык университетти, Агрономия жана токой чарбасы факультетин "Токой инженериясы" адистиги боюнча аяктагам, мен 28 жаштамын. Талас облусундагы "Кара-Буура" жаратылыш паркында 2014-жылдан бери иштейм. Биздин штатыбызда 26 адам, жаратылышты коргоодо 18 адам бар. «Сорос - Кыргызстан» фондунун колдоосу менен биз ишке ашырып жаткан долбоордун максаты – Кыргызстандын Кызыл китебиндеги тизмеге кирген жоголуп кетүү коркунучундагы жаныбарлардын санын сактоо жана алардын жашоо аймагын кеңейтүү. «Сорос - Кыргызстан» фонду бизди сүрөткө тартып калуу аппараттары жана GPS-навигаторлору менен камсыз кылды. Сүрөткө тартып калуу аппараттары жаныбарлардын орун которуусун, алардын санын белгилеп турат. Ошондой эле алар мыйзамсыз аңчылар (браконьерлер) менен күрөшүүгө жардам берет, анткени жергиликтүү тургундар жашыруун аңчылык учурунда алар сүрөткө тартылып калышы мүмкүн экендигин билишет. Азыр мыйзамсыз аңчылар 70-80%га азайды. Биз колдонгон сүрөткө тартып калууда сүрөттү MMS-маалымдоо түрүндө телефонго түз жөнөтүү кызматы бар. Мындан коркуп калышты.

Мен өзүм Кара-Буура айылынанмын. Мен ушул жерде иштейм жана жашайм, анткени бул – мен төрөлүп-өскөн жер. Бул жерде менин үй-бүлөм жашайт. Айлана-чөйрө менен иштөө абдан кызыктуу. Мен тоолордо жүрөм, жапайы жаныбарлардын турмушуна күбө болом – мындайды күндө көрүүгө болбойт. Табиятты коргоо Мекенди коргоо менен барабар деп айтышат. Армияда кызмат кылбаганыбыз менен, Ата-Мекенибиздин жаратылышын коргоп жатабыз.

Я окончил Кыргызский национальный аграрный университет, факультет агрономии и лесного хозяйства по специальности "Лесная инженерия", мне 28 лет. Работаю в природном парке "Кара-Буура" в Таласской области с 2014 года. В штате у нас 26 человек, в охране природы 18 человек. Цель проекта, который мы осуществляем при поддержке Фонда «Сорос -Кыргызстан», - сохранение численности находящихся под угрозой исчезновения животных, входящих в список Красной книги Кыргызстана и расширение их ареала обитания. ФСК обеспечил нас фотоловушками и GPS-навигаторами. Фотоловушки фиксируют передвижения животных, количество голов.Также они помогают бороться с браконьерством, так как местные жители знают, что их могут сфотографировать во время нелегальной охоты. Теперь на 70-80% стало меньше браконьеров. В фотоловушках, которые мы используем, есть функция отсылки снимка напрямую на телефон в виде MMS-сообщения. Стали бояться.

Сам я из села Кара-Буура. Я работаю и живу здесь, потому что это место, где я родился и вырос. Здесь живет моя семья. Работать в сфере окружающей среды очень интересно. Я хожу по горам, вижу жизнь диких животных - такое не каждый видит. Говорят, что защита природы сравнима с защитой родины. Хоть и не служим в армии, защищаем природу нашего отечества.

## БЕШТИН АЙЫ / ДЕКАБРЬ

| Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш | Дш | Шш | Шр | Бш | Жм | Иш | Жш |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |
| Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс | Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |

Фотограф: Сэм Бараталиев / Графический дизайнер: Айжан Айдиева / Всё содержание календаря является интеллектуальной собственностью Фонда "Сорос-Кыргызстан"